## ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР

УДК: 37.035 https://doi.org/10.56122/..v1i2.221

# ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯНЫН ӨНҮККӨН УЧУРУНДА БАЛДАРДЫН ИНСАНДЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ ЖАНА АТА-ЭНЕЛЕРДИН ИШ АРАКЕТИ

Жусупова Азизакан Абдыманаповна,
окутуучу, ОшМУ, jusupova_aziza84@mail.ru
Самиева Айсана Жакыпбековна окутуучу,
ОшМУ, samievaaisana68@gmail.ru

***Аннотация:*** *Заманбап технологиялар билим берүү системасына терең кирип, балдардын инсандык сапаттарын калыптандырууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Бул макала технологиялардын тез өнүгүшү шартында балдардын инсандык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык аспектилерин жана ата-энелердин ролун талдайт. Макалада инсандык сапаттардын өнүгүшүнө технологиянын таасири, окутуунун жаңы ыкмалары, ата-энелердин тарбия иштериндеги эффективдүү стратегиялар жана балдардын моралдык-этикалык баалуулуктарын калыптандыруу боюнча сунуштар камтылат. Авторлор заманбап технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен балдардын инсандык өсүшүнө салым кошуунун жолдорун изилдеп, ата-энелер менен педагогдордун ортосундагы кызматташтыктын маанисин баса белгилешет.*

*Макалада технологиялардын таасири, педагогикалык шарттар жана ата-энелердин балдардын инсандык сапаттарын калыптандыруу үчүн зарыл болгон стратегиялар изилденет. Макаланын жыйынтыгында балдардын инсандык сапаттарын калыптандырууга багытталган практикаларга сунуштар берилет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *интерактивдүү окутуу, виртуалдык реалдуулук, эмоционалдык интелект, креативдүүлүк, ата-энелер менен кызматташтык, социалдык жоопкерчилик.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ ДЕТЕЙ И ДЕЯТЕЛЬНОСТИ РОДИТЕЛЕЙ В РАЗВИТИИ СОВРЕМЕННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

Жусупова Азизакан Абдыманаповна
преподователь, jusupova_aziza84@mail.ru
Самиева Айсана Жакыпбековна
преподователь ОшГУ, samievaaisana68@gmail.ru

*Аннотация: Современные технологии глубоко проникают в систему образования, открывая новые возможности для формирования личных качеств детей. В данной статье рассматриваются педагогические аспекты формирования личных качеств детей в условиях быстрого развития технологий, а также роль родителей. Статья охватывает влияние технологий на развитие личных качеств, новые методы обучения, эффективные стратегии воспитания родителей и рекомендации по формированию морально-этических ценностей у детей. Авторы исследуют способы вклада в личностное развитие детей с использованием возможностей современных технологий, подчеркивая важность сотрудничества между родителями и педагогами. Особое внимание уделяется созданию педагогических условий, способствующих гармоничному развитию личности ребенка в цифровую эпоху. В статье также рассматриваются перспективы внедрения инновационных образовательных практик для поддержания личностного роста детей в условиях быстро меняющегося технологического мира. В статье анализируются влияние технологий, педагогические условия и необходимые стратегии для формирования личных*

*качеств детей. В заключении статьи представлены рекомендации для практик, направленных на развитие личных качеств детей.*

***Ключевые слова**: интерактивное обучение, геймификация, виртуальная реальность, эмоциональный интеллект, креативность, сотрудничество с родителями, социальная ответственность.*

## PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE FORMATION OF PERSONAL QUALITIES OF CHILDREN AND THE ACTIVITIES OF PARENTS IN THE DEVELOPMENT OF MODERN TECHNOLOGIES

*Zhusupova Aziza Abdymanapovna teacher*
*jusupova_aziza84@mail.ru*
*Samieva Aisana Zhakypbekovna teacher,*
*samievaaisana68@gmail.com*
*OshSU, Osh city, Kyrgyz Republic*

***Abstract**: Modern technologies are deeply integrated into the education system, opening new opportunities for the development of children's personal qualities. This article examines the pedagogical aspects of shaping children's personal qualities in the context of rapid technological advancements, as well as the role of parents. The article addresses the impact of technology on the development of personal traits, new teaching methods, effective parenting strategies, and recommendations for fostering moral and ethical values in children. The authors explore ways to contribute to the personal development of children using the potential of modern technologies, emphasizing the importance of collaboration between parents and educators. The article analyzes the influence of technology, pedagogical conditions, and necessary strategies for shaping children's personal qualities. The conclusion presents recommendations for practices aimed at developing children's personal traits.*

***Keywords:** interactive learning, gamification, virtual reality, emotional intelligence, creativity, cooperation with parents, social responsibility.*

Заманбап технологиялардын өнүгүүсү дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда, коомдук жана жеке жашоого, ошондой эле үй-бүлөлүк түзүлүшкө терең таасир этти жана балдарды тарбиялоодо жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келди. Бул технологиялар балдардын инсандык сапаттарын калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Окуу процессинде интерактивдүү ыкмаларды, цифрдык инструменттерди жана эмоцияларды башкаруу методдорун колдонуу менен, педагогдор балдардын социалдык, эмоционалдык жана интеллектуалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүшөт. Инновациялык технологиялар аркылуу билим берүү, балдардын чыгармачылыгын, креативдүүлүгүн жана жоопкерчилигин жогорулатууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан, заманбап шарттарда инсандык сапаттарды калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттарды туура уюштуруу маанилүү. Технологияларды жашоодо туура колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү аркылуу балдарга келечектеги мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жардам берет.

Азыркы технологиянын заманында кыргыз үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоодо педагогикалык шарттары катары төмөнкү бир нече аспектилерди камтыйт.

**Балдарга технологияны туура колдонууга үндөө**: Балдарды интернет, гаджеттер жана башка технологияларды жоопкерчилик менен колдонууга үйрөтүү. Мисалы, маалыматты туура издөөнү жана ажыратууну, керектүү маалыматты гана алуу. Медиасабаттуулук жөнүндө билимдерин өркүндөтүү.

**Ата-энелер жана окутучуулар тарбияда онлайн ресурстарды колдонуу**: Билим берүүчү мобилдик колдонмолор, онлайн курстар жана видео сабактар аркылуу билимди арттыруу. Балдарга заманбап билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштоо. Жаңы технологиялар

балдардын креативдүүлүгүн жана инновациялык ой жүгүртүүсүн стимулдаштырат. [6 Мисалы: Долбоордук иш-аракеттер, код жазуу, графикалык дизайн же мультимедиа проектилери аркылуу балдар өз идеяларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алышат. Жасалма интеллектидеги пайдалуу тиркемелерди колдонуу ж.б.

**Топтук ишмердиктер**: Технологияларды колдонуу менен достору менен биргеликте долбоорлорду, оюндарды же билим берүүчү активдүүлүктөрдү уюштуруу. Командалык иштөөнү өнүктүрүү, бири-бири менен баарлашуу, пикир алышууну үйрөнөт. Инсанды тарбиялоодо жамаат өтө чоң таасирге ээ. Жалпы иште адамдын коомдо бааланган; жолдоштук, достук, өз ара жардамдашуучулук, бирөөнүн кайгы, кубанычына ортоктош болуу сезимдери өнүгөт. [2, Б. 12 ]

**Эмоционалдык интеллект:** Технологиянын таасиринен улам эмоционалдык туруктуулукту жана стресске туруштук берүү жөндөмүн өнүктүрүү. Психологиялык ресурстар жана онлайн кеңештер аркылуу жардам көрсөтүү.

**Маданий тарбия:** Балдарды кыргыз маданияты, салт-санаалары жана үрп-адаттары менен тааныштырууну онлайн платформалар аркылуу жүргүзүү. Мисалы, жомоктор, ырлар, жана улуттук оюндардын видеолорун көрсөтүү жана аларды уктуруу, ойнотуу. Оюнсуз үйрөнүү жок...окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз балага тарбия берүү супсак болот. [1, Б. 3 ]

**Билим алууда:** Жаңы технологиялардын жардамы менен окуу процессинде интерактивдүүлүк жогорулаган. Мисалы, интерактивдүү платформалар балдарга өз оюн билдирүүгө, суроолор берүүгө жана жоопторду талкуулоого мүмкүнчүлүк берет. Бул процесс балдардын кызыгуусун жогорулатып, билимге болгон мотивациясын арттырат. [6] Технологияны колдонуп, келечектеги кесиптер тууралуу маалыматтардын берилишин камсыздайт.

**Социалдык коммуникация:** Технология аркылуу достор жана үй-бүлө менен байланышта болууну жана социалдык байланыштарды өнүктүрүүнү үйрөтүү. Социалдык медиа платформаларын жоопкерчилик менен пайдаланууну үйрөтүү. Топтук иш-аракеттер жана долбоорлор аркылуу социалдык байланыштарды жакшыртат.

**Балдардын критикалык ойлоосун өстүрүү:** Балдарга маалыматты талдоо, сыноо жана критикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мисалы, онлайн дебаттар, форумдар же дискуссияларга катышуу.

**Эмгекке тарбиялоо:** Технологияны үй иштеринде жана айыл чарбасында колдонууга үйрөтүү. Мисалы, автоматташтырылган системаларды, онлайн ресурстарды жана жаңы технологияларды колдонуу. [6 ]

**Жеке өнүгүү:** Технология аркылуу өзүн өнүктүрүүгө, хоббилерди жана кызыгууларды өркүндөтүүгө жардам берүү. Мисалы, онлайн курстар, вебинарлар жана мастер-класстар.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды тарбиялоодогу ата-энелер төмөнкү маанилүү педагогикалык шарттарды эске алуу зарыл: Ата-эне өз мээримин, адептүүлүгүн жана жоопкерчиликтүүлүгүн көрсөтүү, үлгү болушу балдар үчүн абдан маанилүү. [5 ] Ата-эненин бул иш-аракети балага физикалык жана руханий жактан бекем болушун шарттайт.. Кыймылдык активдүүлүк, спорт менен алектенүү, ар кандай көндүмдөрдү өнүктүрүү инсандык сапаттарды калыптандырууга жардам берет. Балдарды улуттук салт-санаалар менен тааныштыруу да ата-эненин милдети. Биз кыргыз элинин оозеки чыгармаларын карап көргөнүбүздө эл тарабынан иштелип чыккан руханий маданияттын тажрыйбалары сакталып, практикада тастыкталып, келечек муундар үчүн табылгыс байлык. [3, Б.102 ] Өз алдынчалуулукка, көтөрүмдүүлүккө, чыдамкайлыкка, коомдогу жана үй-бүлөдөгү ар кандай кырдаалдарга туруктуу болууга тарбиялоо да учурдун талабы. Тарбиялоо процессинде улуттук салт-санаа, руханий баалуулуктар жана тарбиялоонун заманбап ыкмаларын туура айкалыштыруу зарыл.

Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоонун башкын негизи — улуттук баалуулуктарга жана ата-бабадан калган салттарга таянылат. Бала кичинесинен эле чоңдорго

урмат көрсөтүү, акылмандыкка умтулуу, коомдогу ролун түшүнүү сыяктуу сапаттарды өздөштүрөт. Бала тарбиялоодогу педагогикалык шарттар баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө, өзүн-өзү аңдап билүүсүнө жана коомдо активдүү инсан болушуна көмөктөшөт. Ата-энелердин балага жекече мамиле жасоосу, ар бир бала уникалдуу, жана анын инсандык, интеллектуалдык, эмоционалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуусу зарыл. [5] Бул шартта ар бир баланын кызыкчылыгы, жөндөмдүүлүктөрү жана муктаждыктары эске алынып, индивидуалдык мамиле түзүлөт. Мындан сырткары ийгиликтүү окуу чөйрөсүн түзүү да маанилүү. Баланын өз алдынча иштөөсүнө жана өзүнө болгон ишенимин жогорулатууга багытталган мотивация берүүчү, ыңгайлуу окуу чөйрөсү маанилүү. Бул жерден бала өзүнүн чыгармачыл потенциалын ачып, ката кетирүүдөн коркпой, эксперимент жасоого эркин болот. Үй-бүлө жана мектеп ортосундагы тыгыз кызматташтык да баланын үй-бүлө баланын алгачкы тарбия алуу чөйрөсү болгондуктан, ата-энелер менен мугалимдердин кызматташуусу зарыл. Балага коюлган талаптар үйдө жана мектепте бирдей болгон шартта, туруктуу тарбиялык таасир пайда болот. Ошондой эле ата-эне балага этикалык жана моралдык баалуулуктарды калыптандыруу да заман талабы. Баланы коомдун этикалык, моралдык нормаларына, маданиятка жана салттарга ылайык тарбиялоо. Мекенге, адамзатка, жана эмгекке болгон сүйүү, боорукерлик, адептүүлүк сыяктуу сапаттарга басым жасоо. Коомдук жана социалдык чөйрөнү эске алуу менен баланын коомдогу ролун түшүнүүсү, башкалар менен өз ара аракеттенүүсү жана социалдык жөндөмдөрдү өнүктүрүүсү керек. Бул шартта топтук иштер, коомдук активдүүлүк, жана коллективде иштөө жөндөмдүүлүгү өнүктүрүлөт. Ата-эне катары баланы физикалык өнүгүү шарттарын түзүү же болбосо ден соолукка камкөрүү жана физикалык өнүгүү да бала тарбиялоодо маанилүү. [5 ] Спорт, активдүү жашоо образы жана ден соолукка болгон камкордук балага туруктуу психологиялык жана физикалык ден соолукту камсыздайт. Бала менен ишенимдүү байланыш түзүү, баланын пикири менен эсептешүү, ага урматтоо менен мамиле кылуу, жана анын өзүн эркин билдирүүсүнө шарт түзүү. Бул баланын ишенимдүү, ачык жана өзүнө ишенген инсан болуп калыптанышына жардам берет. Мына ушул шарттар бала тарбиялоонун натыйжалуу болушуна өбөлгө түзүп, келечекте өз алдынча ой жүгүрткөн, жоопкерчиликтүү жана коомдун активдүү мүчөсү болууга жардам берет.

Учурда балдарды тарбиялоодогу көйгөйлөр бир нече факторлорго байланыштуу. Алар коомдун социалдык өзгөрүүлөрү, үй-бүлөдөгү шарттар, билим берүү системасы жана жалпы маданий контекст менен байланышкан. Бул маселелердин негизгилерин төмөнкүдөй жалпыласа болот. Коомдо балдарды катуу, эмоцияларын билдирбеген, «күчтүү» жана «эрктүү» болушу керек деген стереотиптер тарбиялоодо басымдуулук кылат. Мындай стереотиптер айрыкча эркек балдардын эмоционалдык жактан ачык болуусуна, көйгөйлөрдү айтып, сезимдерин туура билдирүүсүнө тоскоолдук жаратып, эмоционалдык өнүгүүсүн аксатып коюшу мүмкүн. Үй-бүлөдөгү ролдук моделдердин жетишсиздиги: Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө ата мээримдүүлүктүн, жоопкерчиликтин, адептүүлүктүн үлгүсүн көрсөтө албай калат, же болбосо үй-бүлөдө атанын активдүү катышуусу жетишсиз. Эркек , аял балага бирдей үлгүү болуусу маанилүү, анткени ал мындан жоопкерчиликке жана туура мамилеге үйрөнөт. Учурда балдарды тарбиялоодо ата-энелердин ролунун азайышы, ички жана сырткы миграция, балдарга жетиштүү көңүл бурулбай калган учурлар көп. Тарбиялоо милдети көбүнчө бала бакчага, мектепке же бала багуучуларга жүктөлүп, ата-эненин жеке аракети азайып бара жатат. [4]Ушулучурдан пайдаланып, технологиялардын жана социалдык медианын таасири балдарга көп тийүүдө. Жаш балдардын күнүмдүк жашоосунда технологиялардын жана социалдык медианын ролу күчөп, алар реалдуу байланыштарды азайтып, виртуалдык дүйнөдө көбүрөөк жашап калышат. Бул балдардын социалдык жана эмоционалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө кыйынчылыктарды жаратып, агрессиялык жүрүм-турумга алып келиши мүмкүн. Ата-эне өзүнүн мамилеси жана жүрүм-туруму менен балага адеп-ахлактык жана моралдык баалуулуктарды көрсөтүшү керек. Ошону менен бирге ата-энелер балдардын эмоцияларын басуу эмес, туура билдирүү, стресстик кырдаалдарга сабырдуулук менен мамиле кылуу жана

башкаларга жардам берүү сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө үйрөтүшү керек. [4 ]Балдар ар дайым эмоционалдык колдоого муктаж. Ата-эне баласына сүйүүсүн жана камкордугун ачык билдирип, анын көйгөйлөрүн угуп, сезимдерин түшүнүүгө аракет кылышы керек. Ата-эненин эмоционалдык колдоосу баланын өзүнө ишенимдүү жана ачык инсан болуп калыптанышына жардам берет. Балдардын тартипке үйрөнүүсү жана жоопкерчиликке калыптануусу, үй-бүлөлүк милдеттерге катышуу, жоопкерчиликтүү жүрүм-турум көрсөтүү жана этикалык нормаларды калыптандыруу, өз аракеттери үчүн жоопкер болууну эрте курагынан үйрөтүү зарыл. [4] Бул келечекте баланын өз алдынчалуулукка жана жоопкерчиликтүү инсан болууга даярдыгын калыптандырат. Мотивация берүүдө позитивдүү жыйынтыктарды баса белгилөө жана ага умтулууну калыптандыруу маанилүү. Бул баланы максат коюп, ага жетүүгө багыттайт, ошондой эле өзүн-өзү өнүктүрүүгө шыктандырат. Балаңыздын достору менен мамилелерин бекемдөөгө жардам бериңиз. Сиз үй-бүлөлүк иш-чараларды уюштуруп, байланыштарды жакшырта аласыз. Ата-энелердин катышуусун жана колдоосун камсыз кылуу, уул баланын эмоционалдык ден соолугуна таасир этет. Балаңыздын катачылыктарын жана кемчиликтерин түшүнүүгө жана кечирүүгө даяр болуңуз. Катачылыктарды үйрөнүү мүмкүнчүлүгү катары караңыз, балага бул кабыл алууга, анын индивидуалдуулугун баалоого жана өзүн-өзү баалоосун жакшыртууга жардам берет.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Г. Жутанова. Дидактикалык оюндар аркылуу студенттердин таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн педагогикалык шарттары / Бишкек-2024
2. М.Колдошев., О. Жакыпова . Педагогика боюнча тесттер, тарбиянын технологиясы:практикалык курс. Ош. 2001
3. А.Батыралиев. Педагогика. 2023 103-106-Б.
4. Масару Ибука Үч жаштан кийин кеч. Бишкек. 2015
5. М. Гапыров Ата-энелер сиздер үчүн. Бишкек. 2018
6. Балдар жана гаджеттер. Ата-энелер үчүн санариптик сабатуулук боюнча колдонсо Бишкек-2022

---

УДК 37013 https://doi.org/10.56122/..v1i2.194

# ГРАЖДАНСКИЙ ПАФОС ПЕДАГОГИЧЕСКОГО НАСЛЕДИЯ В.А. СУХОМЛИНСКОГО И ВОПРОСЫ ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ

**Сатабалдиев Мусабек Маматович,**
старший преподаватель ОшГПУ.
E-mail: michurinsk59@inbox.ru
**Торошов Таалай Кубатович,**
зав. кафедрой кафедры
«Мировых языков», к.п.н., доцент ОшГПУ.
**Махаматалиева Гулипа Махаматалиевна,**
преподаватель ОшГПУ

**Аннотация.** В статье рассматриваются актуальные вопросы педагогического наследия В.А. Сухомлинского. В условиях научно-технического процесса и информоционных технологий вопросы воспитания и обучения приобретают всё больше и больше актуальное значение. В этом деле изучение педагогического наследия Сухомлинского в формировании личности учащихся имеет важное теоритическое и практическое значение. Сухомлинский в отличие от других педагогов унаследовал научные труды молодым педагогам и учителям. В связи с этим изучение педагогического наследия в подготовке педагогических кадров даст